«Бекитемин»
Ош мамлекеттик университетинин
илимий иштер боюнча проректору,
ф.-м.и.к., доцент ________Арапбаев Р.
«22» _02_________ 2022-ж.

**Капарова Чынара Абдылдаевнанын «Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)» деген темадагы 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясына жетектөөчү мекеме катары Ош мамлекеттик университетинин журналистика кафедрасынан берилген**

## КОРУТУНДУ

Коомдук телекөрсөтүүнүн табияты маалыматты ар тараптуу, объективдүү жана профессионалдык деңгээлде жеткирүү мүмкүнчүлүгү менен өзгөчөлүккө ээ. Ал коомчулук тарабынан каржыланат жана коомдук көзөмөлгө алынат. Бул шарттар аткарылганда гана коомдук телекөрсөтүүнү башка телеканалдардын түрүнөн ажыратып кароого болот.

Иште Кыргызстандагы телекөрсөтүүлөрдүн маалыматтык программаларынын өнүгүү тенденциялары талданып, коомдук телеканалдын ишмердүүлүгү эл аралык тажрыйбалар менен, ошондой эле маалымат программалары жергиликтүү телеканалдардын материалдары менен салыштыруу аркылуу анализденген. Сунушталган диссертацияда кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтык программаларын комплекстүү изилдөө актуалдуу маселелерден экендиги ар тараптан изилденип, журналистика адистигинин обьектисине кирет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Диссертант Ч.Капарова өз ткмасынын актуалдуулугун эң биринчи кезекте кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтык программаларын комплекстүү изилдөө журналистика илиминде колго алына электиги менен; бүгүнкү күндө телекөрсөтүүнүн маалыматтарды берүү ыкмаларына жана өлкөнүн коомдук телеканалынын ишмердүүлүгүнө арналган изилдөөлөрдүн жоктугу; кыргыз журналистикасын изилдөөчүлөр телекөрсөтүүнү изилдөөдө анын тарыхын жана өзгөрүүлөрүн кеңири анализдеген, бирок маалыматтык программалардын ишмердүүлүгүнүн талданбагандыгы; телекөрсөтүүгө



ИНСТИТУТ ... ЛИТЕРАТУРЫ НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 178/06
«25» 02 2022

мамлекеттүүлүктү бекемдөө, улуттук кызыкчылыктарды коргоо жана укуктук коомду куруу ишинин так эместиги; коомдук каналды түзүүдө маалымдоо, көңүл ачуу, агартуучулук функцияларды аткарып, административдик чечимдерди жасоо зарылдыгы; КТРКдагы редакциялык саясаттын жолго коюлбагандыгы менен тастыктайт. Ушул айтылгандардан эле биздин колубуздагы диссертациялык изилдөө олуттуу **илимий жаңылыкка** жана учур талап кылган **актуалдуулукка** ээ экендиги ачык-айкын болот.

**Диссертацияда баяндалган натыйжаларды алууга автордун конкреттүү жекече катышуусу.** Изденүүчү өз изилдөөсүнүн жүрүшүндө тандалып алынган темага байланыштуу илимий эмгектер менен кылдат таанышкандыгы, аларда айтылган жүйөөлөр менен тыянактарды өз аң-сезиминен өткөргөндүгү, натыйжада өз диссертациясын тариздөөгө кыйла жогорку деңгээлдеги даярдык менен киришкендиги көрүнүп турат. Автор өз изилдөөсүнүн материалын, методологиясын, объектисин жана предметин, анда колдонулган усулдарды туура аныктай алган, натыйжада диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалар изденүүү тарабынан жекече алынган. Буга таянуу менен биз изденүүчү коргоого койгон жоболор жана өзү алган тыянактар менен Кыргызстандагы азыркы учурдагы журналистикасын изилдөөгө маанилүү салым кошкон деп айта алабыз.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын ишеничтүүлүк даражасы, тыянактын жана корутундунун негизделүү, аныкталуу деңгээли.** Изилдөөнүн жыйынтыктарынын ишеничтүүлүк даражасы, алардын жаңычылдыгы жана практикалык маанилүүлүгү так берилген. Диссертант тарабынан алынган жыйынтыктар ишеничтүү, анткени бардыгы тең конкреттүү фактылар-материалдар менен бекемделген. Диссертант телекөрсөтүү жана маалымат түшүнүгүн талдап берүү алкагында журналистиканы изилдөөчүлөрдүн телекөрсөтүүгө байланышкан илимий эмгектерин анализдеп, советтик башкаруудан тарта бүгүнкү доорго чейинки журналистиканын, телекөрсөтүүнүн тарыхына арналган В.Егоров, Э.Багиров, Р.Юровский, В.Ворошилов, Е.Ахмадулин, Г.Бакулев, М.Ким, В.Цвик, С.Муратов, В.Смирнов, А.Тертычный, Н.Омашев, Л.Васильева, А.Князев, М.Маргонт жана башкалардын эмгектерин пайдаланып, дүйнөлүк журналистиканын алкагында кыргызстандагы изилдөөлөргө таянып, изилдөөчүлөрдүн жана практик журналисттердин, атап айтканда С.Жумагулов, А.Кацев, Б.Орунбеков, М.Мырзыгулов, А.Дүйшекеева, Г.Ибраева, Т.Кадыров, Ж.Бакашова, А.Карыпкулов, А.Асанова, В.Сабирова, Ж.Султанова, А.Халилов, Н.Джумагазиева, Ж.Акматбекова жана башкалардын эмгектеринин негизинде алынган натыйжаларын, илимий корутундуларын

ынанымдуу, ишенимдүү, так бере алган. Жыйынтыгында, изденүүчү журналистика илиминдеги көптөгөн эмгектерди иликтөөгө алып, аларды системалаштырууда салыштырма-типологиялык, салыштырма-тарыхый методдорун колдонуп, анын натыйжасында ишеничтүү, конкреттүү, логикалуу илимий жыйынтыктарды алууга жетишкен.

**Диссертациядагы ар бир натыйжанын (жобонун), тыянактардын, корутундунун жаңылык даражасы.** Диссертациянын илимий жыйынтыктары жаңы болуп эсептелет. Себеби, алгачкы жолу кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтарды чагылдыруу жана таркатуу маселелерине илимий негизде кеңири анализ жүргүзүлдү; мамлекеттик, коомдук жана жеке менчик телеканалдардын маалыматтык кызматтарынын ишмердүүлүгү анализденип, алар социалдык, саясий, маданий ж.б. мааниси бар тигил же бул окуяны кандай чагылдырганынын салыштырылышы; социалдык-саясий курч кырдаалда маалыматтык кызматтардын өз ишмердүүлүгүн уюштуруудагы өзгөчөлүктөрүнүн изилдениши жана маалыматтык программанын жанрдык-тематикалык багыттарына мүнөздөмө берилиши, жаңылыктар программасын түзүү спецификасынын аныкталышы; журналистиканын эл аралык стандарттарынын Кыргызстандагы коомдук телеканалдын тажрыйбасынын алкагында комплекстүү изилдөөгө алынды.

**Диссертациялык иштен алынган натыйжалардын практикалык мааниси**. Диссертациянын материалы «Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы» аттуу монографияны жана журналистика адистигинин студенттери үчүн окуу китепти жазганга негиз болуп берет. Иштин жыйынтыгы журналистиканын теориясы жана практикасы боюнча лекциялык курстарга жол ачат. Ошондой эле ТВ журналистикасы боюнча атайын курс менен атайын семинарларды өтүүгө, мастер-класстарды, медиа-тренингдерди өтүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Ошондуктан, каралып жаткан маселенин практикалык мааниси орчундуу мааниге ээ.

**Изденүүчүнүн илимий эмгектеринин баалуулугу.** Диссертанттын изилдөөсүнүн негизги жыйынтыктары боюнча жарыяланган эмгектери журналистика илимине өз салымын кошуп тургандыгы менен баалуу. Диссертациянын материалы “Кыргыз телекөрсөтүүсү: маалыматтык программалар жана коомдук телеканал” деген аталыштагы монографияны, ошондой эле журналистика адистигинин студенттери үчүн окуу китебин жазганга салмактуу бир негиз болуп берет. Иштин жыйынтыктары журналистиканын теориясы жана практикасы боюнча лекциялык курстарды түзгөнгө жол ачат. “Маалыматтык программаларды даярдоо” багыты боюнча атайын курс, атайын семинарларды өтүүгө болот. “Санариптик технология

шартындагы маалыматтык берүүлөрдүн ыкмалары" деген жаңы тематикалык окууну ачууга шарт түзөт.

**Диссертация туура келген адистик.** Изденүүчү Ч.А.Капарованын «Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)» деген темадагы кандидаттык диссертациясы 10.01.10 – журналистика адистигинин паспортуна дал келет.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши**. Автореферат кыргыз, орус тилдеринде жазылган. Анын мазмуну диссертациянын кол жазмасынын мазмунуна дал келет. Авторефератта дисссертациядагы изилдөөнүн негизги маани-маңызы камтылган. Анын текстинен диссертацияда жок маалыматтарды учураткан жокпуз. Диссертациянын жана авторефераттын таризделиши Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына толук жооп берет.

**Диссертациянын мазмунундагы жана жасалгаланышындагы кемчилдиктер.** Арийне, изилдөөдө айрым мүчүлүштүктөр байкалат:

1. Главалардагы мазмун бири-бири менен жакшы байланышпайт;
2. Тиркемелерде 2010-жылдардагы материалдар гана берилген. Диссертациянын материалы 1999-2020-жылдарды камтыйт;
3. Диссертациялык иш көбүрөөк публицистикалык стилге ыктап жазылган, илимийлүүлүккө алып келүү керек;
4. Диссертацияда орфографиялык, пунктуациялык, айрым жерлерде стилистикалык каталар кездешет.

Жогоруда айтылган сын-пикирлер диссертациялык иштин жалпы баалуулугуна, илимий деңгээлине таасирин тийгизбейт. Диссертациялык ишти аяктаган иш катары эсептөөгө болот.

Изилдөө боюнча диссертанттын баяндамасын, ага карата айтылган ой-пикирлерди угуп жана талкуулап, Ош мамлекеттик университетинин журналистика кафедрасынын кенейтилген отуруму төмөнкүдөй чечим кабыл алды:

Изденүүчү **Капарова Чынара Абдылдаевнанын «Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)»** деген темадагы **10.01.10 – журналистика** адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясы тарабынан коюлган талаптарга толук жооп берет жана анын автору 10.01.10 — журналистика

адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Диссертация 2022-жылдын 17-февралында Ош мамлекеттик университетинин журналистика кафедрасынын кеңейтилген кезексиз отурумунда №2 протокол менен каралды. Талкууга төмөнкү кафедра мүчөлөрү катышты: Сабирова В.К. – чет тилдер жана маданий аралык коммуникациялар кафедрасы, ф.и.д., профессор жыйындын төрайымы, 10.01.10; Умарова А.А. журналистика кафедрасынын окутуучусу – жыйындын катчысы; Жамгырчиева Г.Т. – кыргыз адабияты кафедрасы, ф.и.д. профессор, 10.01.09; Турганбаев Н.О. – кыргыз тил илими кафедрасы, ф.и.к., доцент, 10.02.06; Мапаева Н.А. - кыргыз тил илими кафедрасы, ф.и.к., доцент, 10.01.02; Эргешова С.Б. – журналистика кафедрасы, ф.и.к., доцент, 10.02.19; Абдиева Ч.И. – журналистика кафедрасы, улук окутуучу; Мамырова М.К. - журналистика кафедрасы, улук окутуучу; Маматжанова З.К. – журналистика кафедрасы, окутуучу; Аматова Г.Ш. – журналистика кафедрасы, окутуучу; Алдакулов Т. – "Дидактика" гезитинин, "Шоокум" журналынын редактору; Касымова Д.Б. – ОшТВнын редактору.

**Жыйындын төрайымы**
**ф.и.д., профессор:** **Сабирова В.К.**

**Катчы, журналистика**
**кафедрасынын окутуучусу:** **Умарова А.А.**

*Филология илимдеринин доктору, ОшМУнун профессору В.К.Сабированын жана окутуучу А.А.Умарованын кол тамгасын тастыктайм.*

**ОшМУнун окумуштуу катчысы,**
**п.и.к., доцент** **Дж.Ж.Асанбекова**

22.02.2022-г.

Ош МУ
Тастыктаймын
20 22 ж. « 22 » 02
Кадрлар бөлүмүнүн
башчысы Турдубаева Г.